Джойс Майер

# ЖҮРӨГҮ ТАЛКАЛАНГАНДАРДЫН АЙЫГЫШЫ



*Кудайдын Сөзүнүн күчү жан дүйнөнү жаңыртат*

*Джойс Майер*

# ЖҮРӨГҮ ТАЛКАЛАНГАНДАРДЫН АЙЫГЫШЫ

*Кудайдын Сөзүнүн күчү жан дүйнөнү жаңыртат*

**Healing The Brokenhearted by Joyce Meyer,** Kyrgyz
Copyright ©2025 by Joyce Meyer
P.O. Box 655
Fenton, Missouri 63026

Al rights reserved.

**Жүрөгү талкалангандардын айыгышы,** Джойс Майер, кыргыз тилинде
Copyright ©2025 Джойс Майер
P.O. Box 655
Fenton, Missouri 63026

Бардык укуктар корголгон.

# Мазмуну


Киришүү: Кудайдын Сөзүнүн күчү . . . . . . . . . . . . . . . . 4

1. Кудайдын силерге болгон сүйүүсү канчалык улуу? 8

2. Келечекке болгон ишеним . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17

3. Өз адилеттүүлүүлүгүңөрдү моюндагыла . . . . . . . 26

4. Коркунучтун үстүнөн болгон жеңиш . . . . . . . . . . . 35

Жыйынтык: Туруктуу болгула! . . . . . . . . . . . . . . . . . 44

Жарыялоо үчүн аяттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 46

Автор жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 65

Тобо кылуу сыйынуусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 67

# Киришүү: Кудайдын Сөзүнүн күчү

❤ “Ал Өз Сөзүн жиберип, аларды айыктырды, аларды өздөрүнүн көрүнөн куткарды”.

ЗАБУР 106:20

Кудайдын Сөзү бошотот жана айыктырат. Ал бизди жана биздин жашообузду өзгөртөт. Силер өзүңөрдүн бардык иштериңерде ийгиликке жете аласыңар. Кудайдын Сөзүнүн үстүнөн ой жүгүртүү деген – демек, аны ой менен кайра-кайра кайталоо, аны ойлонуу, аны өз ичиңен жарыялап айтуу.

❤ *“Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың”.*

ЖАШЫЯ. 1:8

Кудай бизди сүйөт, Ал ар бирибиз үчүн ушунча-

лык көп нерселерди даярдап койгон. Эфестиктерге жазылган Каттын биринчи бөлүмүндө Пабыл, Кудай ар бирибиз үчүн Машайак аркылуу жалпы куткаруу планын бир себептен улам, бизге болгон улуу сүйүүсүнө бизди ынандырыш үчүн, даярдап койгондугун айтат. Кудай силерди ушунчалык катуу сүйөт жана силер, силердин жашооңор үчүн улуу нерселерди ойлоп койгон.

Шайтан Кудайдын силерге карата болгон планын бузууну ойлогон. Кудайдын силерге болгон улуу сүйүүсүнө ишенип калбашыңар үчүн, бүт жашооңор бою ал силерди өзүңөрдү эч нерсеге жараксыз катары сезүүгө мажбурлоого аракеттенип келет. Эгерде силер Кудайдын Сөзүн улам-улам уга бере турган болсоңор, анда ал силердин бир бөлүгүңөр болуп калаарын, эгерде акылыңарды аны менен толтура турган болсоңор, анда ал силерди өзгөртөөрүн билет. Ал болсо, ушундай болушун каалабайт.

Мен бул китепти Сөздү жашооңордун бир бөлүгү кылып алышыңарга жардам берүү максатында жаздым. Ал өзүндө, силердин өзүңөр жөнүндөгү элестетүүңөрдү өзгөртүп, ошону менен бирге, силердин азыркы учурдагы жашооңор менен келечегиңерди өзгөртүүчү аяттарды камтыйт.

Силер Кудайдын бейнеси боюнча жаралгансыңар (Башталыш 1:27). Кудай силер жөнүндө айтып жатканга ишенсеңер, өзүңөргө болгон мамилеңер жана оюңар өзгөрөт. Кудайдын силер жөнүн-

дөгү ойлорун жана айткандарын Анын Сөзүнөн таба аласыңар. Бул китепте өзүңөр үчүн жарыялагыла деп мен кеңеш берип жаткан аяттар силерге өзүңөр жөнүндө Кудай кандай ойлосо жана айтса, ошондой ойлоп жана сүйлөгөнүңөргө жардам берет.

Кудайдын Сөзү – чындык Сөз – бизди куткарып гана койбостон, биздин өзүбүзгө болгон көз карашыбызды өзгөртөт. Ошондуктан да, ал бизде тамырын жайылтуусу үчүн, аны окуп, изилдеп жана ой жүгүртүү керек. Силер өзүңөргө болгон ишенимге жана кубанычка ээ болуп, жеңүүчү жана Кудайдын ишеничтүү досу боло аласыңар. Өзүңөр жөнүндө Кудайдын Сөзү эмне деп жатса, ошондой сүйлөгүлө. Бул нерселерди кылгандарыңарга жараша, Кудай силерди жана силердин жашооңорду өзгөртө баштайт. Силер жарадар болгон, корккон, жүрөгү жараланган макулуктан, Кудайдын Ал сүйгөн жана өзүңөр сүйгөн ишенимдүү досуна айланасыңар.

❤ “Теңирдин руху Менде, анткени Теңир Мени жакырларга жакшы кабар таратууга майлады. Мени жүрөгү кайгыргандарды айыктырууга, туткундарга эркиндик жарыя кылууга, камактагыларга зындандын ачылышын жарыя кылууга, Теңирдин ырайым кыла турган жылын жарыя кылууга, Кудайыбыздын өч алчу күнүн жарыя кылууга, кыйналгандардын бардыгын сооротууга, Сиондогу кайгырган-

дарга күл ордуна жасалга, ый ордуна кубаныч майын, кайгылуу рух ордуна даңктын кийими берилерин жарыя кылууга жиберди. Аларды адилеттүүлүгү менен улуу жана Теңир Өзү даңкталыш үчүн отургузган көчөт деп аташат".

ЫШАЙА 61:1–3.

Кудай силердин жашооңорду өзгөртөт. Ал силерди сүйөт. Ал үчүн силер – өзгөчө адамсыңар.

Төмөндө силер Кудайдын сүйүүсүнө болгон ишенимиңерди гана эмес, келечегиңерге болгон ишенимди кантип сактоону; өзүңөрдүн адилдигиңерди кантип түшүнүүгө болоорун (эгер ишенген адам болсоңор) жана Ал силер үчүн даярдаган кереметтүү жашоонун бир бөлүгү болгон Кудайдын баталарынан ажырап калуу коркунучун кантип жеңүүгө болоорун биле аласыңар. Анын кайра бекер эле кайтарылып келбей турган, Анын эркин аткара турган жана силердин жашооңордо коюлган максатка жеткире турган Сөзүн жарыялап жатканыңарда, Кудай силерге батасын берсин.

# 1

# Кудайдын силерге болгон сүйүүсү канчалык улуу?

❤ *"Бирок мунун бардыгын бизди сүйгөн Кудайдын күчү менен жеңебиз. Анткени Кудайдын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да, бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата албастыгына толук ишенемин"* .

РИМ. 8:37 – 39

Ыйса силерди ушунчалык сүйөт, эгер силер жер жүзүндөгү жалгыз адам болсоңор да, Ал жалгыз силер үчүн Өзүнүн өмүрүн бермек.

❤ *"Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз (бир гана) Уулун берди. Кудай*

*Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди".*

ЖАКАН 3:16

❤ *"Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес"* .

1 ЖАКАН 4 :18

Эгерде силердин жүрөгүңөрдө коркунуч жашап жаткан болсо демек, Кудай силерди канчалык күчтүү сүйөрүн биле элексиңер. Кудайдын силерге болгон сүйүүсүнүн улуулугун түшүнөрүңөр менен, бүткүл коркунуч жоголот. Ыйса минтип айткан: ❤ *"Анткени Атам Өзү силерди сүйөт. Себеби силер Мени сүйөсүңөр жана Кудайдан келгениме ишендиңер"* (Жакан 16:27). Кудай силерди абдан аярларына ишенүү силерге кыйын болуп жатабы?

Узак жылдар бою мен да Кудайдын сүйүүсүн кабыл ала алган эмесмин – мен ага татыктуу болушум керек деп ойлочумун. Мен эми муну билип алдым: Ал мени бардык жетишпестиктериме карабай, сүйөт экен.

Жакандын Жакшы Кабарындагы 14:21деги Ыйсанын Сөзү бизге эчкертүү катары кызмат кылат: *"Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем».*

Бирок, силер алгач Анын силерге болгон сүйүүсүн кабыл аламайынча, Кудайды сүйө албайсыңар. Бул сүйүүгө татыктуу болуу мүмкүн эмес. Аны жакшы иштер менен же жакшы жүрүм- турум менен сатып алууга болбойт. Кудайдын сүйүүсү – бул белек; Кудай силерди сүйгөндүгү үчүн эч кандай бир шартты аткаруунун кереги жок. Биз Кудайдын сүйүүсүн, биз үчүн Өзүн курмандыкка чалып, өлүмгө барган Ыйса аркылуу алабыз. Кудайдын сүйүүсүн азыр кабыл алгыла. Ага айткыла: “Теңирим, Сен мени сүйөөрүңө ишенем жана мен Сенин сүйүүңдү кабыл алам”.

❤ *“Ал бизди биринчи сүйгөндүктөн, биз да Аны сүйөлү”* (1Жакан 4:19). Балким, силер мен сыяктуу эле көп жылдар бою бизди биринчи Ал сүйгөнүн билген эместирсиңер. Балким, силер Кудайды сүйүүгө жана жооп катары Анын сүйүүсүнө татыктуу болууга аракет кылгандырсыңар. Андай болсо, жогоруда айтылган ыр саптарды дагы бир жолу окуп көргүлө. Дөөт Кудай аны сүйөөрүнө ишенген, ошондуктан мындай деген: *“Ырайымың кандай кымбат, Кудайым! Адам баласы Сенин канаттарыңдын далдаасынан баш паанек табат”*(Забур 35:8). Забур 138деги үзүндүнү көрсөтөйүн. Бул жерде Дөөт Кудай менен сүйлөшкөнү, биз үчүн жакшы мисал катары кызмат кылат. Бул Забурдун сөздөрүн кайталагыла:

❤ *“Теңир! Сен мени сынадың, баарын билесиң. Сен менин качан отуруп, качан*

*турарымды билесиң; Сен менин ойлорумду алыстан эле билесиң. Басып бара жатсам да, эс алып жатсам да, Сен мени курчап турасың, Сага менин бардык жолдорум белгилүү. Мен айта электе эле, Сен, Теңирим, айтар сөзүмдү толугу менен билесиң. Мени артымдан да, алдымдан да курчап турасың, менин үстүмө Өзүңдүн колуңду коёсуң. Бул билим мен үчүн таң каларлык, аны түшүнүү – мен үчүн кол жеткис бийиктик. Сенин Рухуңдан качып кайда барам, Сенин жүзүңдөн кайда качам. Кудайым, Сенин ойлоруң мен үчүн кандай баалуу, алардын саны кандай көп! Мен аларды санай турган болсом, алар кумдан да көп. Мен ойгонгондо да, Сени мененмин".*

ЗАБУР 138:1-7, 17,18

Ышайа пайгамбар, Кудай бизге ырайым кылуу үчүн ылайыктуу учурду күтөрүн айтат: ❤ *"Ошон үчүн Теңир силерге ырайым кылуусун создуктуруп жатат, силерге боорукердик көрсөтүүсүн (жакшылык кылуусун) токтотуп жатат, анткени Теңир – акыйкат Кудай. Аны (чыдамкайлык менен) күткөндөрдүн баары бактылуу (Анын жеңишин, ырайымын, Анын сүйүүсүн, тынчтыгын, кубанычын, Аны менен болгон баарлашууну эч нерсе менен салыштырууга болбойт)"* (Ышайа 30:18).

Элестете аласыңарбы: Кудай силерди сүйгөндү-

гү үчүн жана силер Ал үчүн кымбат болгонугуңар үчүн, силер менен убакыт өткөргүсү келет! Кудай силерди ушунчалык катуу сүйгөндүктөн, жер кезип жүргөн күндөрүңөрдү эсептейт, көз жашыңарды Өз идишине куят, алардын ар бирин китебине жазат (Забур 55:9). Ыйса минтип айткан: ❤ *“Силерди жетимсиретпейм, силерге кайра келем”* (Жакан 14:18). Дөөт айтат: *“Анткени мени атам да, энем да таштап кетти, бирок Теңир мени кабыл алат”* (Забур 26:10).

Балким, силерге ар бирибиз издеп, күткөн адамдык сүйүү жетпей жаткандыр; балким, силердин үй-бүлөңөр силерден жүз буруп кеткендир. Бирок, Кудай Анын сүйүүсү ушунчалык күчтүү, бийик жана терең болгондуктан, силердин болгон жоготууңарды калыбына келтирип коё алаарын билишиңерди каалайт. Ага силерди сооротуп жана жараланган жүрөгүңөрдү сакайтууга уруксат бергиле. Силер Кудайдын үй-бүлөсүнүн мүчөсү болуп калдыңар. Эми силер – Анын балдарысыңар жана Ал силерди абдан жакшы көрөт. Эфестиктерге жазылган 3:17-19дагы  катта элчи Пабыл биз үчүн сыйынып жатат:

> ❤ “Ишеним аркылуу Машайак силердин жүрөгүңөрдөн орун алсын деп; ошондой эле сүйүүгө тамырланышсын жана негизделишсин, бардык ыйыктар менен бирге Машайактын сүйүүсүнүн кеңдиги менен узундугу, тереңдиги менен бийиктиги эмне экенин

түшүнө алышсын деп; акыл жеткис ошол сүйүүнү таанып билишсин, Кудайдын толуктугуна толушсун деп сыйынам".

Кудай силерди сүйөт жана сергектик менен кайтарып турат. Ал ар дайым силерди көз алдында кармап турат. Ышайа пайгамбардын китебинде 49:16да Ал силерди Өзүнүн алакандарына жазып койгону жазылып турат.

Кудайдын сүйүүсү канчалык күчтүү? *"Достору үчүн өз жанын берип коюудан өткөн сүйүү жок"* (Жакан 15:13). Ыйса силердин досуңар болгусу келет. Ал силерди канчалык сүйөөрүн көрсөтүш үчүн Өзүнүн өмүрүн курмандыкка чалган (Рим. 5:6).

Биз күнөөкөр болгон мезгилде эле, Кудай Ыйсаны биз үчүн өлүүгө жиберип, бизге болгон Өзүнүн улуу сүйүүсүн көрсөткөн. *"Адил адам үчүн ким өлсүн? Жакшы адам үчүн кимдир бирөө өз жанын кыйса кыяр. Машайак болсо биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүйүүсүн далилдеди"* (7-8 аяттар).

Досум, Кудай силерди ушунчалык катуу сүйөт! Анын сүйүүсү үчүн жүрөгүңөрдү ачкыла. Тенир силерди кандай болсоңор, ошондой кабыл алат. Ал эч качан силерди соттоп, четке какпайт (Жакан 3:18). Биздин кемчиликсиз болууну каалагандыгыбыз Ага бизди кабыл алууга түрткү болуп жаткан жок. Машайак болгон үчүн гана биз, Анын алдына келиш үчүн, Кудайдын алдында жетишээрлик адил боло

алабыз. *“Анын бизге болгон ырайымы мол”*, - дейт Эфестиктерге жазылган Кат 1:7-8де *“Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди. Кудай бизге бул мол ырайымды Өзүнүн даанышмандыгы жана акылмандыгы менен көрсөттү”*. Анткени, Ал бизди жакшы түшүнүп жана биз үчүн кайсыл убакта эмне өзгөчө экендигин билет.

Ал эми, Ышайа пайгамбардын китебинде 54:10 до ❤ *“Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт, Менин тынчтык келишимим бузулбайт», – дейт сага ырайым кылуучу Теңир”* – деп жазылган. *“Силерди Өз Уулу – Теңирибиз Ыйса Машайак менен мамилелешүүгө чакырган Кудай ишенимдүү”* (1 Кор. 1:9).

Эгер силер Машайакка ишенсеңер, Ал силерди эч качан четке какпоого сөз берген. Ошондой эле, Ал силерди сүйүүгө сөз берген жана Ал Өз сөзүнө бекем. Ыйса силер Ага таандык болгонуңар үчүн, Ал силер үчүн сыйынып тураарын айткан (Жакан 17:9-10). Кудай силерди сүйөт. Дөөт менен чогуу айткыла (Забур 102):

> ❤ “Менин жаным, Теңирди даңкта; менин бүт ички дүйнөм, Анын ыйык ысымын даңкта. Менин жаным, Теңирди даңкта, Анын бардык жакшы иштерин унутпа. Ал сенин бардык мыйзамсыз иштериңди кечирет, сенин бүт ооруларыңды айыктырат. Сенин өмүрүңдү

көрдөн куткарат, ырайымы жана мээрими менен чулгайт. Сенин жашооңду жакшылыкка толтурат, жаштыгың бүркүттүкүндөй жашарат. Кордук көргөндөргө Теңир адилеттигин жана акыйкаттыгын көрсөтөт. Ал Өзүнүн жолдорун Мусага, Өзүнүн иштерин Ысрайыл уулдарына көрсөттү. Теңир кайрымдуу жана ырайымдуу, чыдамдуу жана абдан боорукер. Ал аягына чейин каарданбайт, Ал түбөлүк ачуулана бербейт. Ал бизге мыйзамсыз иштерибизге жараша жасаган жок, бизди күнөөлөрүбүзгө жараша жазалаган жок. Анткени асман жерден кандай бийик болсо, Теңирден корккондорго Анын ырайымы ошондой зор. Чыгыш батыштан канчалык алыс болсо, Ал биздин мыйзамсыз иштерибизди бизден ошончолук алыстатты. Атасы балдарына ырайым кылгандай, Теңир Өзүнөн корккондорго ырайым кылат... Теңир ырайымын Өзүнөн корккондорго кылымдан кылымга көрсөтөт".

Забур 32:10до Дөөт кайрадан бизге: *"Теңир бутпарастардын кеңешин бузат, элдердин ойлорун жок кылат"* – дейт. Ал эми Забур 33:1- 9да болсо:

❤ "Теңирди ар убакта мактаймын, оозумдан түшүрбөй даңктаймын. Жаным Теңир менен мактанат, аны момундар угуп кубанат. Мени менен бирге Теңирди мактагыла, Анын

ысымын баарыбыз бирге даңазалайлы. Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды. Ага кайрылгандардын көздөрү ачылды, алар уятка калышпайт. Азап чегип жаткан адам чакырганда, Теңир угуп, аны бардык азаптарынан куткарды. Теңирдин периштеси Кудайдан корккондорду курчап турат, аларды куткарат. Татып көргүлө, ошондо Теңирдин кандай жакшы экенин көрөсүңөр! Теңирге таянган адам бактылуу" – деп жазган.

Кудайдын сүйүүсү силерди курчап турат. Ушул курчоодо жашагыла. "Кудай мени сүйөт" – деп күнүнө бир нече жолу улам-улам кайталап айткыла. Мен бул бөлүмдө мисал келтирген Ыйык Жазуунун ыр саптарынын үстүнөн ой жүгүрткүлө. Бул силерге Анын өзгөрбөс сүйүүсүнө болгон ишенимдүүлүктү табууга жардам берет.

# 2.

# Келечекке болгон ишеним

Эми мен Кудайдын силердин келечегиңер үчүн ойлоп койгондору жөнүндө айткан кээ бир аяттардан келтирейин. Эми силер: Кудайдын алдында кымбат баалуу экендигиңерди билесиңер, Ал силерди жаратып жатканда, өзгөчө максаты болгон. Силер өз келечегиңерди кандайча көрөсүңөр? Кудай ар бир күнүңөрдө үмүткө толуп жашашыңарды каалайт, ал эми шайтан болсо, силердин үмүтсүздүктөн азап чегишиңерди каалайт. Кудай силердин жашооңордун ар бир күнүндө кандайдыр бир жакшы нерсе болот деп күтүшүңөрдү каалайт. Шайтан болсо, силердин күн сайын кокустуктарды жана кырсыктарды күтүп жашооңорду каалайт. *“Бактысыздын бардык күндөрү кайгылуу, ал эми жайдары адамда күндө той”* (Накыл.15:15). Жамандыкты сезүү – бул кырсыкты күтүү, ал эми жамандык сезими, күндөрдү кайгыга толтурат.

❤ “Бирок мен Теңирдин кең пейилдигин

тирүүлөрдүн жеринде көрөрүмө ишенем" (Заб. 26:13). Кийинки аят бизди шыктандырат: ❤ "Теңирден үмүттөн, кайраттуу бол, жүрөгүң бекем болсун, Теңирден үмүттөн" (Заб. 26:14).

Жеремия пайгамбардын китебинде 29:11де Теңир бизге карата Өзүнүн ниетин ачып берет: ❤ *"Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой."*

Шайтан силерди ар кандай үмүттөн ажыратууга ынтызар болуп турат. Бирок, Забурда Дөөт кандай гана күчтүү сөздөрдү айтканын уккула: ❤ *"Жаным, эмнеге чөгүп, эмнеге онтоп жатасың? Кудайга таян, анткени мен Аны – Куткаруучумду, Кудайымды дагы даңктайм"* (41:12).

Эгер силер ушуга окшогон чындыкты жүрөгүңөрдө сактай турган болсоңор, алар силердин кубанычты күтүп жашашыңарга жардам берет. Силердин жашоого болгон көз карашыңар, силердин оюңар, сөзүңөр жана ишиңер силердин үмүткө толо экендигиңер тууралуу күбөлөндүрөт. ❤ *"Ал эми үмүт уят кылбайт, анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн"* (Рим. 5:5). Биз Кудайдын сүйүүсү жөнүндө билебиз, анткени, Ыйык Рух бизге ал жөнүндө айтып турат. Эгерде биз Кудайга таяна турган болсок, биз эч ачан көңүлүбүз калып, алданып жана майта-

рылбайбыз. *“Анткени Кудай-Теңир – күн жана калкан, Теңир ырайымын төгүп, даңкка бөлөйт. Таза жүргөндөрдү Ал жакшылыктан ажыратпайт”* (Заб. 83:12).

Филиппиликтерге жазылган Катта Пабыл бизди минтип ынандырат:*“Силерде баштаган жакшы ишин Кудай Ыйса Машайактын күнүнө чейин аягына чыгарарына бекем ишенем”* 1:6. Ал эми, Эфестиктерге жазылган Кат 2:10до Пабыл бул ынанымдын себебин мындайча түшүндүрөт: *“Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз”.*

Силер өзүңөргө: “Эгерде Кудай чындап эле мен үчүн ушундай сонун планды даярдап койгон болсо, анда ал качан иш жүзүнө ашат?”- деп суроо беришиңер мүмкүн. Жооп Насаатчы Китебинде (3:17) жазылган: ❤ *«Адил адамды да, мыйзамсыз адамды да Кудай соттойт, анткени ар бир нерсенин өз убагы бар, ал жерде ар бир иштин үстүнөн сот болот».* Кудай Өз планын ишке ашырат жана силердин жашооңор үчүн эмнени белгилеп койгон болсо, ошону аткарат. Ал эми, силер болсо Петир айткан кеңешти аткаргыла - Кудай силерди Өз убагында жогору көтөрүшү үчүн, Анын күчтүү колунун астында моюн сунгула (1 Пет. 5:6). Хабакук пайгамбардын Китебинде 2:2де пайгамбарга келечек үчүн Өз планын бергендигин окуйбуз. Ал планды

башкалар да окуй алышы үчүн “аны таш лооктор-го даана жазып кой” деп айткан. Кийинки аятта Теңир мындай деген*: “Анткени көрүнүш белгилүү бир мезгилге таандык, ал акыркы күн жөнүндө айтат, алдабайт. Анын аткарылуу убактысы создуктурулуп жатса да, күт, анткени ал сөзсүз ишке ашат, аткарылбай койбойт”.*

Эврейлерге жазылган Каттын автору, мунун баары бир гана максат менен жазылгандыгын айтат: ❤ *“биз Кудайдын калп айтууга мүмкүн болбогон өзгөргүс эки нерсеси – убадасы жана анты менен сооронушубуз үчүн ошондой кылды. Биздин жаныбыз үчүн кеменин оор кайырмак темириндей бекем жана ишенимдүү болгон ал үмүт көшөгөнүн артына өтө алат”* (Эвр. 6:18-19).

Ал эми Пабыл, ❤ *“Анын үстүнө, Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болорун билебиз”* дейт (Рим. 8:28). Кийинчерээк өзүнүн Эфес жыйынына жазган Катында Пабыл муну эскертет: ❤ *“Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да, да артык кыла ала турган, Кудай”* (Эф. 3:20).

Кудай силердин ар дайым үмүткө толуп турушуңарды каалайт, анткени Ал силер ишенгенден да көбүрөөктү, улуураакты кылганга даяр. Эгерде силер үмүтүңөрдү жоготуп ала турган болсоңор, анда Кудай силерге тапшыргандын өзүңөргө тие-

шелүү бөлүгүн аткара албай каласыңар. Ал бөлүктө силер Ага таянып жана үмүттөнүшүңөр керектиги, Анда силердин жашооңор үчүн аткарылууга жакын калган, эң жогорку ойлору бар экендигине ишенишиңер керектиги айтылган.

Эфестиктерге жазылган Катта Пабыл Теңир Ыйса Машайак жөнүндө минтип айтат:❤ *"Машайакка башынан үмүт кылып жүргөн биз аркылуу Анын даңкы чыгышы үчүн, бардыгын Өз каалоосунун чечими боюнча Жасоочунун алдын ала аныктап койгону боюнча, Машайак аркылуу биз да мурасчылар болуп калдык"* (Эф. 11:11-12).

Кудай силерге минтип айтат: ❤ *"Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың"* (Жашыя. 1:8).

Мыйзамды Кайталоо 30:14тө мындай деп айтылган: - ❤ *"Ал сөз сага өтө жакын жерде. Сен аткара турган сөз сенин оозуңда жана жүрөгүңдө"*. Ышайа пайгамбардын китебинде (55:11де) Теңир Анын Сөзүн жарыялоо биздин жашообузга тиешелүү Анын ниетин ишке ашырууга кантип жардам берерин көргөзгөн: ❤ *"Ошол сымал Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт, бирок Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө*

*ашырат”*. Анын Сөзүн жарыялай баштагыла, ошондо силердин жашооңор өзгөрө баштайт.

Өз келечегиңерди кандай элестетесиңер? Шайтан силердин жашооңор барган сайын жаман боло берет деп ойлоого мажбурлай берет. Ал силердин көп нерселерди кылганыңарды эмес, дагы канча көп нерселерди кылышыңар керектиги тууралуу ойлор ээлеп тура беришин каалайт.

Силер бир нерсени өзгөртө албаганыңар үчүн, өзүңөргө ачууланган учурларыңар болобу? Үмүтүңөрдү жоготпогула. Кудай силерди ар дайым өзгөртүп турат. Ал душмандарыңарды биринин аркасынан бирин жеңишиңерге жардам берет (Мыйзам Кайт. 7:22). Силер ар дайым жаңыланып турасыңар (2 Кор. 3:18). Силердин жаңылануууңар акылыңардын жаңыланышы жана жаңы идеяларга ээ болуу, жаңы ой жүгүртүү, адамдарга жана жашоого карата жаңыча мамиле кылуу менен кошо жүрөт (Рим. 12:2).

Асмандагы Атаңар силерди даңктуу көргүсү келет. Анын көз алдында силер улуу даңкка ээ болгонсуңар жана ошондой экенине ишенимдүү болушуңар үчүн, Ал силерге Өзүнүн Рухун жиберген. Мен, Кудайдын бардык сапаттарында көрүнгөн “даңк” деген сөздү келтирип жатам. Ага ишенгиле жана силер жөнүндө Жазууда эмне айтылган болсо, ошого ишенгиле. Кудайдын Сөзүнө негизделген, ишенимге толгон жакшы сөздөрдү гана жарыялоону

үйрөнгүлө. Үнүңөрдү чыгарып: “ Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз” деп айткыла” (2Кор. 3:18). Кудайдын Руху мени күн сайын аз-аздап өзгөртө берет. Менин жашоом мааниге ээ. Кудай мага көптөгөн жакшы нерселерди даярдап койгон. “Эсиңерде болсун, биз жок нерсени бар нерсеге айландыра ала турган Кудайга кызмат кылабыз (Рим. 4:17).

Кудай Өзүнүн Сөзүндө силер тууралуу эмне дейт? ❤ *“Ал эми силер тандалган уруусуңар, Падышанын ыйык кызмат кылуучуларысыңар, ыйык элсиңер, Кудай энчилеп алган элсиңер. Силерди караңгылыктан Өзүнүн ажайып жарыгына чакырып алган Кудайдын улуу иштерин жар салыш үчүн тандалгансыңар”* (1 Петир 2:9).  Өзү жөнүндө төмөн ойлоо – демек, караңгыда жүрүү. Сен эч кандай баалуулукту көрсөтө албайсың деп эсептөө – демек, караңгылыкта жүрүү.

Силер – Кудайдын кымбат балууларысыңар, Анын менчигисиңер, Анын казынасысыңар (Мал. 3:17). Силер баалуусуңар жана силердин жашооңор үчүн максат бар. Силердин максатыңар бар. Кудайда силердин жашооңор үчүн эң сонун ойлор бар. Силерге адамзаттын тарыхында өзгөчө роль ойноо буюрган – болгону силер буга ишенишиңер керек. Силер: “Бирок Джойс, менин канча жолу жолум болбоду. Мен канчалаган каталарды кетирдим. Мен Кудайдан эчак эле көңүлүм калган” дешиңер

мүмкүн. Ал тургай, Пабыл дагы али жеткилеңдикке жете электигин айтат, бирок багынгысы келбейт: *“Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, алдыга умтулам. Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам”* (Филип. 3:13-14).

Өткөн нерселер менен жашабагыла, Кудай силерге эң сонун келечекти даярдап койгон. Кудайдын Сөзүнө кулак салгыла: *“Бирок силер мурункуну эстебей жатасыңар, байыркылар жөнүндө ойлобой жатасыңар. «Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот, чын эле, силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен ээн талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм”* (Ыш. 43:18-19). Акырында Кудай Ышайа пайгамбардын китебинде силерге кандай сөздөр менен кайрылганын угуп көргүлө: *“Мен, Мен Өзүм сенин кылмыштарыңды Өзүм үчүн өчүрөм, сенин күнөөлөрүңдү эстебейм”* (Ыш. 43:25).

Кудай силердин силер үчүн алдын ала даярдап койгон укмуштуудай жашоодон ырахаттанып жашап жатканыңарды көргүсү келет. Ал силердин жашооңордон туура эмес кылып койгон нерселериңердин баарын алып салганга даяр турат. Ал тургай Ал, силер келечекте кетире турган бардык каталарыңарды да оңдоп коюуга кам көрүп койгон. Силерге өткөнгө өкүнүүнүн же келечектен коркуунун

кереги жок. Кудай силерге керек болгон ар кандай жардамды берүүгө даяр турат. Ышайа пайгамбардын Китебинде (40:31): *“Ал эми Теңирден үмүттөнгөндөр кайрадан күчкө толушат, бүркүттөй болуп канаттарын көтөрүшөт, чуркашат, бирок чарчашпайт, жөнөшөт, бирок алсырашпайт”* деп убада берилген.

Эч качан өзгөрбөгөн Кудайдын силерге болгон сүйүүсүнө жана Анын кереметтүү түрдө бардык муктаждыктарыңарды толтуруп беререрине ишенгиле. Анын кереметтүү убадаларын жана укмуштуудай ойлорун билүү менен, келечекке үмүт менен карагыла, ишенгиле. Өзү тарабынан берилген бардык убадаларды Ал аткарат (Рим. 4:21). Артка кылчактабагыла – алдыга карагыла.

# 3

# ӨЗ АДИЛЕТТҮҮЛҮҮЛҮГҮҢӨРДҮ МОЮНДАГЫЛА

Эми Ыйык Жазуудан адилеттүүлүк тууралуу айтылган бир нече аяттарды окуп көрөлү. Ар бир ишенген адам Кудайдын падышачылыгындагы үй-бүлөнүн мүчөсү боло алат жана ушундай сапатта Машайактын мурасташы, күнөөсүз, Анын кымбат баалуу каны менен кун төлөнгөн адам катары Кудайдын тагынын алдында тура алат. Силер-адилетсиңер: *"Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды"* (2 Кор. 5:21).

Забур 47:11 Теңир жөнүндө мындай дейт: ❤ *"Кудай, Сенин ысымың сыяктуу эле даңкың да төгөрөктүн төрт бурчуна жетет. Сенин оң колуң адилеттикке толгон".* Кудайдын силерге сунулган колу, адилетикке толгон. Кудай ❤ *"Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү кемчиликсиз болушуңар үчүн, Ал силерди акырына чейин бе-*

*кемдейт”* (1 Кор. 1:8). Бул эмнени билдирерин билесиңерби? Бул деген, силер эми Кудайдын көз алдында таптакыр адилетсиңер дегенди билдирет. Бүгүн силер, Анын ойлору менен кандай дал келишиңер керек болсо, ошондой абалдасыңар. Ал силерди *“биздин бир туугандарыбызды Кудайдын алдында күндүр-түндүр жамандаган ушакчы”* шайтандын калпынан коргоого даяр (Аян 12:19). Эгерде силер Машайакка ишенип калган болсоңор, анда Кудай силерди күнөөкөр катары көрбөйт жана күнөөсүз экениңерди далилдөөгө даяр.

Тоодогу насаатта Ыйса Өзүнүн жолдоочуларына мындай деген: *“Адилеттикке ачыккандар жана суусагандар бактылуу, анткени алар тоюшат”* (Мт. 5:6). Кудайдын уулу же кызы катары силер Кудайдын кайрымдуулугунан ырахат алууга акыңар бар. Силер жашоодон ырахат алууга укуктуусуңар. Өмүр – бул Кудайдын белеги. Өзүңөргө минтип айткыла: “Мен – Ыйса Машайакта Кудайдын адилеттигимин”.

Балким, силер өзүңөргө артыкча болгон жүктү жүктөп алгандырсыңар – Кудайдын көз алдында өз күчүңөр менен адилеттүү көрүнүүгө аракеттенип жаткандырсыңар. Адилеттүүлүк мындай жол менен келбейт. Ал куткарылуу сыяктуу эле биздин аракеттер аркылуу келбейт; бул белек. Бардык аракеттериңерди калтыргыла жана Ал силерге Машайактын адилеттүүлүгүн берет деп күтүү менен, Кудайга

таянганды үйрөнгүлө. *“Өз түйшүктөрүңдү Теңирге тапшыр, ошондо Ал сени колдойт. Ал адилеттүү адамдын олку-солку болуусуна эч качан жол бербейт”* (Заб. 54:23). Пабыл Ыбрайымдын адилеттүүлүгү тууралуу мындай дейт:

*“Анда атабыз Ыбрайым жөнүндө эмне демекчибиз? Жердеги жашоосунда ал эмнеге ээ болду? Эгерде Ыбрайым иштери аркылуу акталса, ал мактоого ээ, бирок Кудай алдында эмес. Ыйык Жазууда эмне деп жазылган? «Ыбрайым Кудайга ишенди, ошол ишеними ага адилдик катары эсептелинди», – деп жазылган”* (Рим. 4:1-3).

23, 24 – аяттарда Пабыл өз оюн минтип улантат: *“«Адил деп эсептелинди» деген сөз бир эле ал үчүн эмес, Теңирибиз Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудайга ишенген биз үчүн да жазылган жана бизге да тиешелүү”.* Башкача айтканда, биз адилеттүүлүктү иштерибиз менен эмес, ишенимибиз менен алабыз. Эгерде биз Ыйса Машайакка ишенсек, анда Кудай бизди адилеттүү деп атайт. Ал бизди адилет деп эсептөө үчүн, Ыйсанын каны жетиштүү деп эсептейт. Ал толук бийликке ээ болгон Кудай жана эгерде Ал кааласа, ушундай чечим кабыл алганга укуктуу.

Кийинки бөлүмдүн биринчи аятында Пабыл өз оюн жыйынтыктайт: ❤ *“Ошентип, биз ишеним аркылуу акталып, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен тынчтыкка ээбиз”* (Рим. 5:1).

Забур 36:25те Дөөт минтип жазат: ❤ *“Мен жаш болгом, эми карыдым, бирок адил адамды Кудай таштап койгонун же анын балдарынын нан сурап жүргөнүн көргөн жокмун”.*

Эгер ата-эне, Машайак аркылуу Кудай алдындагы адилдикти алганына ишенсе, анда алардын балдары да бул адилдикти кабыл ала алышат деп ишенем. Ар дайым өзүн күнөөлү сезген, ушакты жана өзүнүн керексиздигин сезген ата-энелердин балдары көп учурда алардан бул сезимдерди мурастап алышат. Бирок, эгер ата-эне Кудай аларды сүйөөрүн түшүнсө, алар Ага кымбат экенине, Ал алар үчүн жакшы бир нерсени ойлонуп койгонуна жана алар Машайактын каны аркылуу адил болуп калгандарына ишенсе – анда ал ата-эненин ишеними балдарына жагымдуу таасир тийгизет, алар Ыйсаны жана Анын бардык убадаларын өзүнө таандык катары кабыл алышат.

Накыл Сөздөр 20:7де: *“Адил адам түз жүрөт, анын артында калган балдары бактылуу”*д.а. Ал эми Забур 36:39да: *“Адил адамдардын куткарылышы Теңирден, кайгы учурунда Теңир алардын коргоочусу”* деп турганын окуйбуз. Теңир силер тарапта. Анын Сөзү чындык жана ал тынчтыкты, коопсуздукту жана каршылаштын үстүнөн жеңишти убада кылат. Кудайдын Ышайа 54:17деги: *“Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир*

*тилди сен айыптайсың. Бул – Теңирдин кулдарына Мен берген мурас жана адилдик – дейт Теңир”* деген убадасын кабыл алгыла.

Забур 33:16да Дөөт: *“Теңирдин көздөрү адил адамдарды көрүп турат, кулагы алардын зармуңун угат” – дейт.* Кудай силерди карап жана угуп турат, анткени силерди катуу сүйөт. Анан 18, 20 жана 23- аяттарда Дөөт минтип улантып атат: *“Адил адамдар чакырганда, Теңир аларды угуп, бардык кыйынчылыктарынан куткарат... Адил адамдын кайгысы көп, бирок Теңир аны бардык кайгысынан куткарат... Теңир Өз кулдарынын жанын куткарат, Ага таянгандардын бири да өлбөйт”.*

Силер Ыйсаны кабыл алгандан баштап өзгөрүлө баштадыңар. Силер дагы деле жолдосуңар десе да болот. Силер жолдо экениңерде кандайдыр бир каталарды кетиресиңер. Силердин жүрүм-турумуңар идеалдуу болбошу мүмкүн, бирок силердин Теңирге болгон мамилеңер идеалдуу болсо, анда силер өзгөрүлүү жолунда болгонуңарга карабастан, Ал силерди кемчилдиксиз деп эсептейт. Ышайа 54:14тө Теңир минтип айтып атат: *“Сен акыйкат менен бекемделесиң, эзүүдөн алыс болосуң, анткени сен корко турган эч нерсе жок, коркунучтан да коркпойсуң, анткени ал сага жакын жолобойт”.*

Накыл Сөздөр 28:1де компромисске барбаган адил адам арстандай айбаттуу деп айтылат. Машайак аркылуу силер өзүңөрдү адил адам эсептесеңер,

анда үрөй учуу менен коркунучта жашабайсыңар, анткени адилдик силерди айбаттуу кылат. ❤ *“Ал биздин алсыздыгыбызга боору оорубаган Башкы ыйык кызмат кылуучу эмес. Ал биз сыяктуу бардык жагынан сыналган, бирок күнөө кылган эмес. Биздин ушундай Башкы ыйык кызмат кылуучубуз бар. Ошол себептен жардам керек болгон убакта Анын мээримин көрүп, Андан ырайым табыш үчүн, ырайым тактысына кайраттуулук менен жакындайлы”* (Эвр. 4:15-16). Биз Кудайдын Ырайым тактысына өзүбүздүн кемчиликсиздигибизге эмес, Анын кемчиликсиздигине таянып келе алабыз: ❤ *“Машайактын каны аркылуу акталгандыктан, Кудайдын каарынан Ал аркылуу куткарыларыбыз да анык”* (Рим. 5:9).

Балким, силер өмүр бою: “Мени менен эмне эле болуп атат? Эмнеге мен мындай ийгиликсизмин?” деп, түшүнгүңөр келгендир. Эгер ошондой болгон болсо, мен силерге жакшы кабарды айткым келет: силер адил адамсыңар, ошондуктан өзүңөр жөнүндө мындай дегиле: “Балким, мен ойлогонумдай деңгээлде эместирмин, бирок, Кудайга даңк, мен азыр мурдакыдай эмесмин. Мени менен баары жакшы”. Эсиңерде болсун, өзгөрүү - бул процесс жана силер ал аркылуу .өтүп жатасыңар. Силер али өзгөрүлүп жатасыңар, Кудай болсо силерди алдын ала адил адам катары көрүп атат. Кудай силерди Машайактын каны аркылуу адил адам кылды. Силер Кудайдын сүйүүсүн кабыл алып, өзүңөрдү адил

адам деп сезгениңерге жараша, силер ишенимсиздик жана четке кагылуу сезимдериңерден бошоно баштайсыңар. Азыр айткыла: "Мен Ыйса Машайакта Кудайдын адилдигимин". Өзүңөр жөнүндөгү бул чындыкты бир күндө бир нече жолу айтууңарга кеңеш берем.

*"Анткени Кудайдын Падышачылыгы тамак же суусундук эмес, тескерисинче, Ыйык Рух берген адилеттик, тынчтык жана кубаныч"* (Рим. 14:17). Адилеттүүлүк тынчтыкка алып келет, тынчтык болсо кубанычка алып келет. Эгер силерге тынчтык менен кубаныч жетишсиз болуп жаткан болсо, балким анда силер адил экениңрди түшүнө элексиңер. Кудай силерди баталагысы келет, анын ичинде материалдык түрдө да. Ошого карабастан, өзүн күнөөлүү жана айыптуу сезген көпчүлүк адамдар, чыныгы өнүгүүгө эч качан келе алышпайт. Библия болсо бизди, адил адамдар өнүгүшөт жана коопсуздукта болушат деп үйрөтөт.

Тенир силер жөнүндө эмне деп жатканын билесиңерби? Забур 1:3тө Теңирдин бардык мыйзамдарын жана Анын насааттарын аткарган адам, аккан суунун жээгинде отургузулган жана өз учурунда жемиштерин берген даракка окшош дейт Ал. Силердин жалбырактарыңар түшүп калбайт жана эмнени баштасаңар да, ийгиликке жетесиңер. Өзүңөрдүн кемчиликтериңер жана көйгөйлөрүңөр жөнүндө эмес, адилдигиңер жөнүндө ой жүгүрткүлө.

Жашыянын китебиндеги 1:8де Теңир *“Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың”* – деп буйрук берет.

Забур 1:2–3тө эмне деп айтылганы эсиңердеби? Сөздүн үстүнөн ар дайым ой жүгүртүү силер үчүн жакшы адат болуп калганда, силер бекем турган жана өз учурунда жемишин алып келген дарактай болуп, бардык нерседе ийгиликтүү болосуңар. Сөздүн үстүнөн ой жүгүрткүлө жана аны кайталагыла. Силердин оюңарга шайтан чабуул жасаганда, ага Кудайдын Сөзү менен контур чабуул жасагыла.

❤ *“Теңирдин ысымы – бекем мунара: адил адам ага качып кирип, коопсуз болот”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 18:10

Забур 71:7 мындай дейт*: “Анын күндөрүндө адил адам гүлдөйт, асмандагы ай жок болгончо, тынчтык өкүм сүрүп турат”.* Кудайдын алдында адилдигиңерди түшүнгүлө, ошондо силер гүлдөп, тынчтыктан ырахат ала баштайсыңар. Силер ойлошуңар мүмкүн: “Менин өткөн каталарым менен эмне кылыш керек?” – деп. Силерге Кудай өз элине кайрылып айткан сөздөрдүн эсиңерге түшүрөйүн:

❤ *“«Ошол күндөрдөн кийин алар менен түзө*

*турган келишимим бул, – дейт Теңир, – мыйзамдарымды алардын жүрөктөрүнө салам, акылдарына жазам. Ошондон кийин алардын күнөөлөрү менен мыйзамсыздыктарын эстебейм». Ал эми күнөөлөр кечирилгенден кийин, күнөө үчүн курмандык алып келүүнүн кереги жок”.*

ЭВР. 10:16-18

Башкача айтканда, ушул күнөөлөр үчүн боло турган жаза менен чогуу силердин күнөөлөрүңөр да жоюлган. Ыйса Ага тапшырылган тапшырманы аягына чейин аткаргандыгы үчүн, өз күнөөлөрүңөрдөн арылуу үчүн силерге эч нерсе кылуунун кереги жок. Кудайга жагынуу үчүн кыла ала турган жалгыз нерсе – бул Ал силерге белек катары бергиси келген нерсени ишеним менен кабыл алуу. Эврейлерге жазылган Кат 10:19–20да Ыйса, Анын курмандыгы аркылуу бизге “жаңы жана тирүү жол” ачылган, ошодуктан да биз эркин жана тайманбастан Анын алдына кире алабыз деп жазылган. Эми силер менен Кудайдын ортосун бөлүп турган көшөгөнүн зарылдыгы жок. Силер эркин кирип, Кудай менен сүйлөшө аласыңар, анткени күнөөңөр силерден өчүрүлгөн, анткени силердин күнөөңөр жокко чыгарылып, алынып салынган. Кубангыла: силер Машайакта Кудайдын адилеттүүлүгү кылындыңар (2 Кор. 2:21)!

# 4

# Коркунучтун үстүнөн болгон жеңиш

❤ “Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген”.

2 ТИМ. 1:7

Бул аятты эстеп алгыла. Аны жатка жаттап алып жана силерди коопсуздук менен коркунуч козгогон сайын, кайталап жүргүлө.

Коркунуч Кудайдан келбейт. Коркунучту силерге шайтан жиберет. Силердин өмүрүңөр үчүн Кудайдын планы бар. Шайтандын да силердин өмүрүңөр үчүн планы бар. Эгер силер бир нерседен коркуп аткан болсоңор, анда ага өз планын аткаруусуна жол берген болосуңар. Дөөт айткан: ❤ *“Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды”* (Забур 33:5). Ыйса

- силердин куткаруучуңар. Силер Анын катышуусун өжөрлүк менен издеген сайын, Ал силерди бардык күнөөлөрүңөрдөн куткара берет. Жакандын Жакшы Кабарындагы 14:27ден биз Ыйсанын Анын коркунучка бөлөнгөн шакирттерине кайрылуусун таба алабыз: ❤ *"Кайгырбагыла жана коркпогула"*. Бул дегени, силер коркунучка туруктуу туруштук беришиңер керек дегенди билдирет. Бүгүндөн баштап, коркунуч руху силерди коркутуп, жашооңорго үстөмдүк кылуусуна жол бербөөгө чечим кабыл алгыла.

Забур 55:4–5те Дөөт минтип айтып жатат: ❤ *"Мени коркунуч басканда, Сага таянам. Мен Кудайды сөзү үчүн даңктайм. Кудайга таянам, коркпойм. Адам мага эмне кыла алат?"*

Ышайа 41:10до Теңир Өз элин ынандырып атат: ❤ *"Коркпо, анткени Мен сени мененмин, үрөйүңдү учурба, анткени Мен сенин Кудайыңмын. Мен сени бекемдейм, сага жардам берем. Мен сени Өзүмдүн адилеттигимдин оң колу менен колдойм".*

Эврейлерге жазылган Каттын автору бизди 13-бөлүм 5-аятта жердеги байлыктарды топтоодон абайлоону эскертип минтип айтып жатат: *"Анткени Кудай Өзү:* ❤ *«Сени калтырбайм жана таштабайм», – деп айткан. Ошондуктан биз сооронуп, өзүбүздү шыктандырып, ишенимдүү жана тайманбастан айтабыз: Теңир менин жардамчым;*

*мага эч кандай коркунуч келбейт. Адам мага эмне кыла алат?”*

Коркунуч, чындык деп берилген жалгандын айынан пайда болот. Душман силерди, болуп аткан кырдаал, артынан ийгиликсиздиктерди алып келет деп ишендиргиси келет. Бирок, Библия бизди сооротуп атат, кандай кырдаал болбосун – эң жагымсыз болсо да, Кудай менен бирге болсоң, мүмкүн эмес нерсе жок (Марк 9:17-23).

❤ *“Анткени Мен сенин Кудай-Теңириңмин. Сени оң колуңдан кармап, сага мындай дейм: “Коркпогун, Мен сага жардам берип жатам»* (Ышайа 41:13). Бул дегени, жагымсыз жаңылыктар силерде коркунуч сезимин туудурбашы керек дегени. Кудайга ишенгиле. Ал бардык нерсе силердин жыргалчылыгыңарга жардам бергендей кылып коё алат (Рим. 8:28 кара).

❤ *“Жакып, сени жараткан, Ысрайыл, сени жасаган Теңир азыр мындай дейт: «Коркпогун, анткени Мен сени куткарып алдым, Мен сени өз атыңдан чакырдым, сен Меникисиң. Сен суулардан өтүп бара жатканда, Мен сени мененмин, сен дарыялардан өтүп бара жатканда, алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда, күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт. Анткени Мен Теңирмин, сенин Кудайыңмын, Ысрайылдын Ыйыгымын, сенин Куткаруучуңмун, сенин куnуңа Мисирди, Эфиопияны бердим, Шебаны да сен үчүн*

*бердим”* (Ышайа 43:1-3).

Өзүңөр менен өзүңөр жалгыз калган учурда, коркунуч жөнүндө айтып турган аяттарды үнүңөрдү чыгарып айткыла. Руханий дүйнөдө, силер коркунучта жашабай турганыңар жөнүндөгү фактыны бекемдегиле. Кудайдын Сөзүн жарыялоо менен, өз өмүрүңөрдү азап менен өткөрбөшүңөрдү шайтанга жарыялап жатасыңар. Анткени, коркунучта азап бар (1 Жакан 4:18). Ыйса силерди азаптан куткаруу үчүн өлгөн. Биздин Ыйса Машайакка болгон ишенимибизден улам ❤ *“кайраттуулук менен ишенимдүү түрдө кайрылууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Ошондуктан силер кайгырбооңорду өтүнөм...”* (Эфест. 3:12-13).

> ❤ *“Кудай биздин баш калкалар жайыбыз жана күчүбүз, кыйынчылык учурунда тез жардам берүүчүбүз. Ошондуктан жер титиресе да, тоолор жылып деңизге чөксө да, биз коркпойбуз”.*
>
> ЗАБУР 45:2-3

Кудай бир нече ирээт Жашыяны бекем жана кайратуу болуусуна *“сен кайда барсаң, Кудай-Теңириң ошол жерде сени менен болот”* деп ишендирген (Жашыйа 1-бап). Ошондой эле, силер да коркпошуңар керек. Теңир силерге ошол эле сөздөр менен кайрылып жатат: Ал силер менен. Ал силерди эч качан таштап кетпейт (Эврейлерге 13:5). Ал ар дайым

силердин үстүңөрдөн карап турат (Забур 32:18). Силердин келбетиңер (элесиңер) Анын алакандарына жазылып коюлган (Ышайа 49:16). Бул дегени, силер коркпошуңар керек дегени. Күчтүү, ишенимдүү, тайманбас жана эч нерседен корпогон адам болгула.

Тоодогу насааттарында Ыйса шакирттерине*:* ❤ *"Ошондуктан эртеңки күн үчүн түйшүк тартпагыла. Эртеңки күн өзү үчүн өзү түйшүк тартат. Ар бир күндүн өз түйшүгү өзүнө жетиштүү"* – деп айткан (Матай 6:34).

Матайдын Жакшы Кабары 8:23-27де шакирттер деңиздеги башталган бороондон үрөйлөрү учкандыгы жөнүндө окуйбуз: ❤ *"Ошондо Ыйса аларга: «Эмне мынча корктуңар, ишеними аздар?!» – деди да, ордунан туруп, шамал менен көлгө тыюу салды. Ошондо улуу тынчтык орноду"* (26–аят).

Ыйса силерден сурап жатат: ❤ *"Киминер түйшүк тартуу менен боюңарды бир чыканак өстүрө аласыңар? Демек, эгерде арзыбаган нерсени жасай албасаңар, анда башка нерселер жөнүндө эмнеге түйшүктөнөсүңөр?"* (Лука 12:25-26).

❤ *"Коркпо, анткени уятка калбайсың. Уялба, анткени маскара болбойсуң, жаш чагыңда маскара болгонуңду унутасың, мындан ары жесирлигиңдин айынан жаманатты болгонуңду эстебейсиң. Анткени сенин Жаратканың – сенин күйөөң. Анын*

*ысымы – Себайот Теңир, сенин Куткаруучуң – Ысрайылдын Ыйыгы. Ал бүт жер жүзүнүн Кудайы деп аталат”*.

ДЕП АЙТЫЛГАН ЫШАЙА 54:4-5ТЕ

❤ *“Коркокторго айткыла: «Бекем болгула, коркпогула. Мына, силердин Кудайыңар келет, Ал өч алыш үчүн келет, жазалоочу Кудай келип, силерди куткарат”* (Ышайа 35:4). Ал силерди бекемдеп, Анын күчү силерди толтуруп, коркунуч учурунда туруштук бергенге жардам берип турсун деп, Кудайдан сурангыла (Эфест. 3:16).

Мага Кудай берген коркунуч жөнүндөгү аянды силер менен бөлүшкүм келип турат. Кудай бизге аяттар аркылуу: “Коркпо” деп кайрылганда, ал бизге коркунучту сезбөөгө тыюу салбайт. Чындыгында Ал: “Сага коркунучтуу болгондо чегинбе жана качпа. Коркунучка карабай, алдыга жыл” – деп жатат. Көптөгөн жылдар бою мен, коркунучту сезүү – бул коркок болуу дегенди түшүндүрөт деп ойлогом. Эми мен билем, коркунучтун үстүнөн болгон жеңиш, биз аны болгон курал-жарагыбыз менен тосуп алып, ага туруштук берип, коркунучтуу болуп атса да, мүмкүн болгон нерсенин баарын кылганыбызда келет.

Забур 33:5те Дөөт айтып жатат: ❤ *“Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды”.* Жакан болсо бизге минтип эстетип жатат: ❤ *“Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче,*

*жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес”* (1 Жакан 4:18).

Эсиңерде болсун Кудай силерди сүйөт! Ал силерди кемчиликсиз сүйүү менен сүйүп жана силер жөнүндө кам көрүп аткандыктан, силер коркунучтан эркин жашоодо жашай аласыңар. Балким, азыр силерге көптөгөн коркунучтар ээлик кылып жаткандыктан, алардан бошонуу силер үчүн мүмкүн эмес нерседей сезилип аткандыр. Эгер ал ошондой болгон болсо, бир маанилүү чындыкты эстеп койгула: Кудай бир көз ирмемде эле силерди бардык түйшүктөрдөн бошотуп коё алат, бирок көбүн эсе Ал муну акырындык менен кылат. Ошондуктан, башты көтөргүлө: Кудай силерде жакшы ишин баштады жана Ал аягына чыгараарына бекем ишенем (Флп. 1:6). ❤ *“Тенирим – менин жарыгым жана менин куткаруучум: мен кимден корком?”* (Забур 27:1). *“Эгер мени өлтүрүү үчүн, кара ниеттүүлөр мага басым жасаса, анда алар өзүлөрү чалынып жыгылышат. Мага каршы аскерлер каршы чыкса да, менин жүрөгүм чоочулабайт! Мени Кудай куткараарына ишенем”.* Ошол эле Забурдун 5-6 аяттарында Дөөт, эгер кыйынчылык келсе, Кудай аны коргойт деп улантып жатат. Ал аны бийик аскаларга көтөрүп, бардык душмандары жете албагандай кылып коёт.

Кудай Дөөт падыша үчүн кылган нерсени, силер

үчүн да кыла алат. Теңирге ишенгиле – Ал силерди күнөөлөрүңөрдүн бардыгынан бошотууга күчү жетет. Теңирдин периштеси Даниелге анын сыйынуулары угулганына ишендирип, эмне дегенин карап көргүлө: *“Коркпо, Даниел, жүрөгүңдү акылмандыкка жетүүгө жана Кудайыңдын алдында өзүңдү моюн сундурууга бурган күндөн тартып эле сенин сөздөрүң угулган. Ошондо эле мен сенин сөздөрүң боюнча келмекмин”* (Даниел 10:12).

Шайтан, Кудай силердин сыйынууңарды уккан жок жана силерге жооп бербейт деп ишендиргиси келет. Бирок, эсиңерде болсун, Кудайдын күчү Рухтун кылычы болуп эсептелет (Эф. 6:17), ал кылыч менен душманыңарды жеңгиле. Жүрөгүңөрдү Кудайдын Сөзүнө толтургула, анын үстүнөн түнү-күнү ой жүгүрткүлө. Ошол нерсе гана силерге душманды жеңүү жөндөмдүүлүгүн берет. Кудайдын Сөзүн билүү гана силерге шайтандын калпын билип-таанууга жардам берет. Кудайдын Сөзүнө ишенгиле жана ал силерди жеңишке алып келет.

Балким, коркунуч силерге жетекчиңер менен сүйлөшүүгө тоскоол болуп жаткандыр. Балким, силерди бир нерсеге адилетсиз күнөөлөп жатышат жана силер өзүңөрдү кантип коргоймм деп сарсанаа болуп жаткандырсыңар. Ыйса эмне дегенин карап көргүлө: *“Силерди синагогаларга, башчыларга, бийликтегилерге алып барышканда, “Кантип жооп беребиз?”, “Эмне деп жооп беребиз?”, “Эмне-*

*ни айтабыз?" – деп тынчсыздандбагыла. Анткени Ыйык Рух силерге эмнени айтуу керектигин ошол учурда үйрөтөт"* (Лука 12:11-12).

Силер коркунучка берилип кетээрге жакын болгонуңарда, Теңирге моюн сунуу катарында, силерди бардык зарылчылыктар менен камсыз кылып, силерге камкордугун көрсөткөн Забур 22ни кайталагыла:

> ❤ "Теңир менин Кайтаруучум. Мен эч нерсеге муктаж болбойм. Ал мени оттуу жайытка жаят жана жай аккан суу боюна алып барат. Өз ысымы үчүн жаныма күч берип, чындык жолуна салат. Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени мененсиң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат. Сен мага душмандарымдын көз алдында дасторкон жайдың, башымды зайтун майы менен майладың. Чөйчөгүм ашып-ташып төгүлүп турат. Береке менен ырайым мени өмүрүмдүн аягына чейин коштоп жүрсүн, ошондо мен Теңирдин үйүндө түбөлүк болом".

# Жыйынтык:
# Туруктуу болгула!

Кудайдын сүйүүсү силер менен, Ал силер үчүн даярдап койгон кызыктуу келечек жөнүндө, силердин Машайактагы адилдигиңер жөнүндө жана коркунучтан болгон эркиндигиңер жөнүндөгү аяттар менен бөлүшкүм келип турат. Силер, Ыйык Китепте келтирилген бардык убадаларды, Теңирге ишенген адамдар катары мурастап алдыңар. Бирок, шайтан аларды силерден уурдап алгысы келип турат. Силер анын кулчулугуна кайтып келишиңерди каалап турат. Так ошол үчүн элчи Пабыл Галатиялыктарга жазган Катында 5:1де –*"Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегиле"* – деп айткан. Туруктуулук жана чыдамкайлык силерге жеңишиңерди кармап калууга жардам берет.

❤ *"Ошондуктан кайратыңардан жазбагыла, анткени ал үчүн чоң сыйлык бар. Кудайдын каалоосун аткарып, Анын убадалаганын*

*алуу үчүн, силерге чыдамкайлык керек".*

ЭВР. 10:35-36

Силердин Асмандагы Атаңар, силер үчүн Ыйса Машайак Өзүнүн өмүрүн курмандыкка чалып, төлөп койгон нерсенин баарынан толугу менен ырахат алууңарды каалайт. Дал ушул учурда, эч качан жеңилбөө чечимин кабыл алгыла. Мен төмөндө айткан аяттарды, силердин жашооңордун бир бөлүгү болуп калганга чейин үнүңөрдү чыгарып кайталагыла. Дайыма эстеп жүргүлө, Кудай силерди сүйөт жана Анын Сөзүндө өмүр камтылган.

# ЖАРЫЯЛОО ҮЧҮН АЯТТАР

## *Киришүү: Кудайдын Сөзүнүн иш-аракети*

"Ал Өз Сөзүн жиберип, аларды айыктырды,
аларды өздөрүнүн көрүнөн куткарды".

ЗАБУР 106:20

"Кудайсыздардын кеңешмесине барбаган, күнөөкөрлөрдүн жолунда турбаган, бузулгандардын жыйынында отурбаган адам бактылуу. Ал Кудайдын мыйзамынан кубаныч алат, Анын мыйзамы тууралуу күнү-түнү ойлонот. Ошондо ал суу боюна отургузулган, мөмөсүн өз маалында берген, жалбырагы соолубаган дарактай болот. Ал эмне иш кылбасын, бардык ишинде ийгиликке жетишет" (Забур 1:1-3).

"Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң

жана акылмандуулук менен иш кыласың” (Жашыйа 1:8).

“Ал сөз сага өтө жакын жерде. Сен аткара турган сөз сенин оозуңда жана жүрөгүңдө” (Мыйзам Кайталоо 30:14).

“Ошол сымал Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт, бирок Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө ашырат” (Ышайа 55:11).

“Биз баарыбыз жабуусуз жүзүбүз менен Теңирдин даңкын чагылдырып турабыз. Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз. Бул Теңирдин Руху ар кылуу болуп жатат” (2 Кор 3:18).

“Сенин сөзүң – чындык. Ошондо чындыкты билип каласыңар жана чындык силерди эркин кылат” (Жакан 17:17; 8:32).

## *1: Кудайдын сүйүүсү*

“Бирок мунун бардыгын бизди сүйгөн Кудайдын күчү менен жеңебиз. Анткени Кудайдын Теңирибиз Машайак Ыйса аркылуу көрсөткөн сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да, периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да, азыркы учур да, келечек да, бийиктик да, тереңдик да, жаратылган эч бир нерсе ажырата

албастыгына толук ишенемин” (Рим. 8:37-39).

“Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди” (Жакан 3:16).

“Анткени Атам Өзү силерди сүйөт. Себеби силер Мени сүйөсүңөр жана Кудайдан келгениме ишендиңер” (Жакан 16:27).

“Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем” (Жакан 14:21).

“Ал бизди биринчи сүйгөндүктөн, биз да Аны сүйөлү” ( 1Жакан 4:19).

“Ырайымың кандай кымбат, Кудайым! Адам баласы Сенин канаттарыңдын далдаасынан баш паанек табат” (Забур 35:8).

“Теңир! Сен мени сынадың, баарын билесиң. Сен менин качан отуруп, качан турарымды билесиң; Сен менин ойлорумду алыстан эле билесиң. Басып бара жатсам да, эс алып жатсам да, Сен мени курчап турасың, Сага менин бардык жолдорум белгилүү. Мен айта электе эле, Сен, Теңирим, айтар сөзүмдү толугу менен билесиң. Мени артымдан да, алдымдан да курчап турасың, менин үстүмө Өзүңдүн колуңду коёсуң. Бул билим мен үчүн таң каларлык, аны түшүнүү – мен үчүн кол жеткис бийиктик. Сенин Рухуңдан качып кайда барам, Сенин

жүзүңдөн кайда качам. Кудайым, Сенин ойлоруң мен үчүн кандай баалуу, алардын саны кандай көп! Мен аларды санай турган болсом, алар кумдан да көп. Мен ойгонгондо да, Сени мененмин" (Забур 138:1-7, 17-18).

"Ошон үчүн Теңир силерге ырайым кылуусун создуктуруп жатат, силерге боорукердик көрсөтүүсүн токтотуп жатат, анткени Теңир – акыйкат Кудай. Аны күткөндөрдүн баары бактылуу" (Ышайа 30:18).

"Силерди жетимсиретпейм, силерге кайра келем" (Жакан 14:18).

"Анткени мени атам да, энем да таштап кетти, бирок Теңир мени кабыл ала" (Забур 26:10).

"Ишеним аркылуу Машайак силердин жүрөгүңөрдөн орун алсын деп; ошондой эле сүйүүгө тамырланышсын жана негизделишсин, бардык ыйыктар менен бирге Машайактын сүйүүсүнүн кеңдиги менен узундугу, тереңдиги менен бийиктиги эмне экенин түшүнө алышсын деп; акыл жеткис ошол сүйүүнү таанып билишсин, Кудайдын толуктугуна толушсун деп сыйынам" (3:17-19).

"Атам Мени кандай сүйсө, Мен силерди ошондой сүйөм. Силерде Менин сүйүүм болсун. Анын мага болгон сүйүүсүн мындайча ченесе болот: достору үчүн өз жанын берип коюудан өткөн сүйүү жок" (Жакан 15:9,13).

"Машайак болсо биз күнөөкөр кезде биз үчүн өлдү. Бул аркылуу Кудай Өзүнүн бизге болгон сүй-

үүсүн далилдеди” (Римдиктер 5:8).

“Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди” (Эф. 1:7).

“Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт, Менин тынчтык келишимим бузулбайт», – дейт сага ырайым кылуучу Теңир” (Жашыйа 54:10).

“Силерди Өз Уулу – Теңирибиз Ыйса Машайак менен мамилелешүүгө чакырган Кудай ишенимдүү” (1 Кор. 1:9).

“Менин жаным, Теңирди даңкта; менин бүт ички дүйнөм, Анын ыйык ысымын даңкта. Менин жаным, Теңирди даңкта, Анын бардык жакшы иштерин унутпа. Ал сенин бардык мыйзамсыз иштериңди кечирет, сенин бүт ооруларыңды айыктырат. Сенин өмүрүңдү көрдөн куткарат, ырайымы жана мээрими менен чулгайт” (Забур 102:1-4).

“Сенин жашооңду жакшылыкка толтурат, жаштыгың бүркүттүкүндөй жашарат. Кордук көргөндөргө Теңир адилеттигин жана акыйкаттыгын көрсөтөт. Теңир кайрымдуу жана ырайымдуу, чыдамдуу жана абдан боорукер. Ал аягына чейин каарданбайт, Ал түбөлүк ачуулана бербейт. Анткени асман жерден кандай бийик болсо, Теңирден корккондорго Анын ырайымы ошондой зор. Чыгыш батыштан канчалык алыс болсо, Ал биздин мыйзамсыз иштерибизди бизден ошончолук алыстатты. Атасы балдарына

ырайым кылгандай, Теңир Өзүнөн корккондорго ырайым кылат. Ал эми Теңир ырайымын Өзүнөн корккондорго кылымдан кылымга көрсөтөт” (Забур 102:5-6, 8-9, 11 -13,17).

“Кудайсызга көп кайгы, ал эми Теңирге таянганды ырайым курчап турат”(Забур 31:10).

“Теңирди ар убакта мактаймын, оозумдан түшүрбөй даңктаймын. Жаным Теңир менен мактанат, аны момундар угуп кубанат. Мени менен бирге Теңирди мактагыла, Анын ысымын баарыбыз бирге даңазалайлы. Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды. Ага кайрылгандардын көздөрү ачылды, алар уятка калышпайт. Азап чегип жаткан адам чакырганда, Теңир угуп, аны бардык азаптарынан куткарды. Теңирдин периштеси Кудайдан корккондорду курчап турат, аларды куткарат. Татып көргүлө, ошондо Теңирдин кандай жакшы экенин көрөсүңөр! Теңирге таянган адам бактылуу!” (Забур 33:1-9).

## *2:Силердин келечегиңер*

“Бактысыздын бардык күндөрү кайгылуу, ал эми жайдары адамда күндө той” (Накыл Сөздөр 15:15).

“Бирок мен Теңирдин кең пейилдигин тирүүлөрдүн жеринде көрөрүмө ишенем. Теңирден

үмүттөн, кайраттуу бол, жүрөгүң бекем болсун, Теңирден үмүттөн” (Забур 26:13-14).

“Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой” (Жеремия 29:11).

“Жаным, эмнеге чөгүп, эмнеге онтоп жатасың? Кудайга таян, анткени мен Аны – Куткаруучумду, Кудайымды дагы даңктайм” (Забур 41:12).

“Ал эми үмүт уят кылбайт, анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн” (Рим. 5:5).

“Анткени Кудай-Теңир – күн жана калкан, Теңир ырайымын төгүп, даңкка бөлөйт. Таза жүргөндөрдү Ал жакшылыктан ажыратпайт” (Забур 83:12).

“Силерде баштаган жакшы ишин Кудай Ыйса Машайактын күнүнө чейин аягына чыгарарына бекем ишенем” (Филип. 1:6).

“Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз” (Эф. 2:10).

“...Ар бир нерсенин өз убагы бар, ал жерде ар бир иштин үстүнөн сот болот. Демек, Кудай силерди Өз убагында жогору көтөрүшү үчүн, Анын күчтүү колунун астында моюн сунгула” (Насаатчы 3:17; 1 Петр 5:6).

“Анткени көрүнүш белгилүү бир мезгилге таан-

дык, ал акыркы күн жөнүндө айтат, алдабайт. Анын аткарылуу убактысы создуктурулуп жатса да, күт, анткени ал сөзсүз ишке ашат, аткарылбай койбойт” (Хабакук 2:3).

“Баш паанек тапкан жана алдыбыздагы үмүттү карманган биз Кудайдын калп айтууга мүмкүн болбогон өзгөргүс эки нерсеси – убадасы жана анты менен сооронушубуз үчүн ошондой кылды. Биздин жаныбыз үчүн кеменин оор кайырмак темириндей бекем жана ишенимдүү болгон ал үмүт көшөгөнүн артына өтө алат” (Эврейлерге 6:18-19).

“Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай” (Эф. 3:20).

“Машайакка башынан үмүт кылып жүргөн биз аркылуу Анын даңкы чыгышы үчүн, бардыгын Өз каалоосунун чечими боюнча Жасоочунун алдын ала аныктап койгону боюнча, Машайак аркылуу биз да мурасчылар болуп калдык” (Эф. 1:11-12).

“Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың” (Жашыя 1:8).

“Ал сөз сага өтө жакын жерде. Сен аткара турган сөз сенин оозуңда жана жүрөгүңдө” (Мыйзам Кайталоо 30:14).

“Ошол сымал Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт, бирок Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө ашырат” (Ышайа 55:11).

“Биз баарыбыз жабуусуз жүзүбүз менен Теңирдин даңкын чагылдырып турабыз. Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз. Бул Теңирдин Руху аркылуу болуп жатат” (2 Кор. 3:18).

“Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө” (Рим. 12:2).

“Кудай бул жашыруун сырдын даңктуу байлыгы бутпарастар үчүн кандай экендигин ыйыктарга ачып берүүнү каалады. Сырдын мааниси даңктуу үмүт болгон Машайактын силердин ичиңерде жашагандыгында” (Колос. 1:27).

“...Мен сени көптөгөн элдердин атасы кылып койдум». Ал өлгөндөрдү тирилтүүчү, жок нерсени бар нерсе катары айткан Кудайга ишенген. Ал эми силер тандалган уруусуңар, Падышанын ыйык кызмат кылуучуларысыңар, ыйык элсиңер, Кудай энчилеп алган элсиңер. Силерди караңгылыктан Өзүнүн ажайып жарыгына чакырып алган Кудайдын улуу иштерин жар салыш үчүн тандалгансыңар” (Рим. 4:17; 1 Пет. 2:9).

“Алар Меники болот, – дейт Себайот Теңир, – Мен белгилеген күнү алар Менин менчигим болушат, адам өзүнө кызмат кылган уулуна кандай ырайым кылса, Мен да аларга ошондой ырайым кылам” (Малахия 3:17).

“Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, алдыга умтулам. Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам” (Флп. 3:13-14).

“Бирок силер мурункуну эстебей жатасыңар, байыркылар жөнүндө ойлобой жатасыңар. Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот, чын эле, силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен ээн талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм” (Ышайа 43:18-19).

“Мен, Мен Өзүм сенин кылмыштарыңды Өзүм үчүн өчүрөм, сенин күнөөлөрүңдү эстебейм” (Ышайа 43:25).

“Ал эми Теңирден үмүттөнгөндөр кайрадан күчкө толушат, бүркүттөй болуп канаттарын көтөрүшөт, чуркашат, бирок чарчашпайт, жөнөшөт, бирок алсырашпайт” (Ышайа 40:31).

“Кудайдын Өз убадасын аткарууга кудурети жетерине толук ишенген” (Рим. 4:21).

# *3: Силердин Машайактагы адилеттигиңер*

“Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды” (2 Кор. 5:21).

“Кудай, Сенин ысымың сыяктуу эле даңкың да төгөрөктүн төрт бурчуна жетет. Сенин оң колуң адилеттикке толгон” (Забур 47:11).

“Теңирибиз Ыйса Машайак келген күнү кемчиликсиз болушуңар үчүн, Ал силерди акырына чейин бекемдейт” (1 Кор 1:8).

“Адилеттикке ачыккандар жана суусагандар бактылуу, анткени алар тоюшат” (Матай 5:6).

“Өз түйшүктөрүңдү Теңирге тапшыр, ошондо Ал сени колдойт. Ал адилеттүү адамдын олку-солку болуусуна эч качан жол бербейт” (Забур 54:23).

“Теңирибиз Ыйсаны өлгөндөрдүн арасынан тирилткен Кудайга ишенген биз үчүн да жазылган жана бизге да тиешелүү” (Рим. 4:24).

“Ошентип, биз ишеним аркылуу акталып, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен тынчтыкка ээбиз” (Рим. 5:1).

“Ошентип, биз ишеним аркылуу акталып, Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен тынчтыкка ээбиз” (Накыл Сөздөр 20:7).

“Адил адамдардын куткарылышы Теңирден,

кайгы учурунда Теңир алардын коргоочусу” (Забур 36:39).

“Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир тилди сен айыптайсың. Бул – Теңирдин кулдарына Мен берген мурас жана адилдик», – дейт Теңир” (Ышайа 54:17).

“Теңирдин көздөрү адил адамдарды көрүп турат, кулагы алардын зар-муңун угат. Адил адамдар чакырганда, Теңир аларды угуп, бардык кыйынчылыктарынан куткарат. Адил адамдын кайгысы көп, бирок Теңир аны бардык кайгысынан куткарат. Теңир Өз кулдарынын жанын куткарат, Ага таянгандардын бири да өлбөйт” (Забур 33:16, 18, 20, 23).

“Сен акыйкат менен бекемделесиң, эзүүдөн алыс болосуң, анткени сен корко турган эч нерсе жок, коркунучтан да коркпойсуң, анткени ал сага жакын жолобойт” (Ышайа 54:14).

“Мыйзамсыз адам артынан эч ким кубалабаса деле качып жүрөт, ал эми адил адам арстандай айбаттуу” (Накыл Сөздөр 28:1).

“Ал биздин алсыздыгыбызга боору оорубаган Башкы ыйык кызмат кылуучу эмес. Ал биз сыяктуу бардык жагынан сыналган, бирок күнөө кылган эмес. Биздин ушундай Башкы ыйык кызмат кылуучубуз бар. Ошол себептен жардам керек болгон убакта Анын мээримин көрүп, Андан ырайым табыш үчүн, ырайым тактысына кайраттуулук менен

жакындайлы” (Эвр. 4:15-16).

“Машайактын каны аркылуу акталгандыктан, Кудайдын каарынан Ал аркылуу куткарыларыбыз да анык” (Рим. 5:9).

“Кудайсыздардын кеңешмесине барбаган, күнөөкөрлөрдүн жолунда турбаган, бузулгандардын жыйынында отурбаган адам бактылуу. Ал Кудайдын мыйзамынан кубаныч алат, Анын мыйзамы тууралуу күнү-түнү ойлонот. Ошондо ал суу боюна отургузулган, мөмөсүн өз маалында берген, жалбырагы соолубаган дарактай болот. Ал эмне иш кылбасын, бардык ишинде ийгиликке жетишет” (Забур 1:1-3).

“Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың” (Жашыя 1:8).

“Теңирдин ысымы – бекем мунара: адил адам ага качып кирип, коопсуз болот” (Накыл Сөздөр 18:10).

“Анын күндөрүндө адил адам гүлдөйт, асмандагы ай жок болгончо, тынчтык өкүм сүрүп турат” (Забур 71:7).

“Ошол күндөрдөн кийин алар менен түзө турган келишимим бул, – дейт Теңир, – мыйзамдарымды алардын жүрөктөрүнө салам, акылдарына жазам.

Ошондон кийин алардын күнөөлөрү менен мыйзамсыздыктарын эстебейм». Ал эми күнөөлөр кечирилгенден кийин, күнөө үчүн курмандык алып келүүнүн кереги жок" (Эвр. 10:16-18).

"Ошентип, бир туугандар, ыйык жайга Ыйса Машайактын каны аркылуу, жаңы жана тирүү жол менен кирүүгө укугубуз бар, бул жолду Ал бизге көшөгө аркылуу, башкача айтканда, Өзүнүн денеси аркылуу ачты" (Эвр. 10:19-20).

"Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды" (2 Кор 5:21).

## *4: Коркунучтун үстүнөн болгон жеңиш*

"Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген" (2 Тим. 1:7).

"Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды" (Забур 33:5).

"Силерге тынчтык калтырып жатам, силерге Өз тынчтыгымды берип жатам. Менин силерге бергеним бул дүйнөнүн бергениндей эмес. Кайгырбагыла жана коркпогула» (Жакан 14:27)

"Мени коркунуч басканда, Сага таянам. Мен

Кудайды сөзү үчүн даңктайм. Кудайга таянам, коркпойм. Адам мага эмне кыла алат?” (Забур 55:4-5).

“Коркпо, анткени Мен сени мененмин, үрөйүңдү учурба, анткени Мен сенин Кудайыңмын. Мен сени бекемдейм, сага жардам берем. Мен сени Өзүмдүн адилеттигимдин оң колу менен колдойм” (Ышайа 41:10).

“Дүнүйөкор болбогула, колуңарда болгонуна ыраазы болгула. Анткени Кудай Өзү: «Сени калтырбайм жана таштабайм», – деп айткан. Ошондуктан биз: «Теңир менин жардамчым, ошондуктан мен коркпойм, адам мага эмне кыла алат?» – деп, чечкиндүүлүк менен айта алабыз” (Эвр. 13:5-6).

“Анткени Мен сенин Кудай-Теңириңмин. Сени оң колуңдан кармап, сага мындай дейм: “Коркпогун, Мен сага жардам берип жатам” (Ышайа 41:13).

“Анын үстүнө, Кудайды сүйгөндөргө, Анын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка болорун билебиз” (Рим. 8:28).

...«Коркпогун, анткени Мен сени куткарып алдым, Мен сени өз атыңдан чакырдым, сен Меникисиң. Сен суулардан өтүп бара жатканда, Мен сени мененмин, сен дарыялардан өтүп бара жатканда, алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда, күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт. Анткени Мен Теңирмин, сенин Кудайыңмын, Ысрайылдын Ыйыгымын, сенин Куткаруучуңмун, сенин куnуңа Мисирди, Эфиопияны бердим, Шебаны да сен үчүн

бердим” (Ышайа 43:1-3).

“Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес. Машайак аркылуу жана Машайакка болгон ишенимибиз аркылуу Кудайга кайраттуулук менен, ишенимдүү түрдө кайрылууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Ошондуктан силер үчүн азап тартып жатканыма кайгырбооңорду өтүнөм, анткени менин азап тартуум – силердин даңкыңар” (1 Жакан 4:18; Эф. 3:12-13).

“Кудай биздин баш калкалар жайыбыз жана күчүбүз, кыйынчылык учурунда тез жардам берүүчүбүз. Ошондуктан жер титиресе да, тоолор жылып деңизге чөксө да, биз коркпойбуз” (Забур 45:2-3).

“Мен сага буйрук кылам: бекем, кайраттуу бол, жалтанба да коркпо, анткени сен кайда барсаң, Кудай-Теңириң ошол жерде сени менен болот” (Жашыя 1:9).

“Мына, Теңирдин көзү Өзүнөн корккондордун жана Өзүнүн ырайымына таянгандардын үстүндө” (Забур 32:18).

“Ошондуктан эртеңки күн үчүн түйшүк тартпагыла. Эртеңки күн өзү үчүн өзү түйшүк тартат. Ар бир күндүн өз түйшүгү өзүнө жетиштүү” (Матай 6:34).

“Коркпо, анткени уятка калбайсың. Уялба, анткени маскара болбойсуң, жаш чагыңда маскара

болгонуңду унутасың, мындан ары жесирлигиңдин айынан жаманатты болгонуңду эстебейсиң. Анткени сенин Жаратканың – сенин күйөөң. Анын ысымы – Себайот Теңир, сенин Куткаруучуң – Ысрайылдын Ыйыгы. Ал бүт жер жүзүнүн Кудайы деп аталат" (Ышайа 54:4-5).

"Коркокторго айткыла: «Бекем болгула, коркпогула. Мына, силердин Кудайыңар келет, Ал өч алыш үчүн келет, жазалоочу Кудай келип, силерди куткарат" (Ышайа 35:4).

"Ал Өз даңкынын молдугу боюнча Руху аркылуу ички адамыңарды бекемдесин деп" (Эф. 3:16).

"Мен Теңирди издедим, ошондо Ал мени угуп, бардык коркунучтан куткарды" (Забур 33:5).

"Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес" (1 Жакан 4:18).

"Теңир менин жарыгым, менин куткаруучум: кимден коркмок элем? Теңир – менин өмүрүмдүн тиреги: кимден үрөйүм учмак эле? Эгерде кара ниет адамдар, жоолорум, кас душмандарым менин этимди тытып жеш үчүн, мага кол сала турган болсо, анда алар өздөрү чалынып жыгылышат. Мага кошуун каршы чыкса да, менин жүрөгүм коркпойт. Мага каршы согуш чыкса да, Кудайга таянам. Анткени башыма мүшкүл түшкөн күнү Ал мени чатырына жашырат, Өзүнүн турагынын жашыруун жерине

жашырып коёт, мени аскага чыгарып жиберет" (Забур 26:1-3, 5).

"Бирок ал мага мындай деди: "Коркпо, Даниел, жүрөгүңдү акылмандыкка жетүүгө жана Кудайыңдын алдында өзүңдү моюн сундурууга бурган күндөн тартып эле сенин сөздөрүң угулган. Ошондо эле мен сенин сөздөрүң боюнча келмекмин" (Даниел 10:12).

"Силерди синагогаларга, башчыларга, бийликтегилерге алып барышканда, "Кантип жооп беребиз?", "Эмне деп жооп беребиз?", "Эмнени айтабыз?" – деп тынчсызданбагыла. Анткени Ыйык Рух силерге эмнени айтуу керектигин ошол учурда үйрөтөт" (Лука 12:11-12).

"Теңир менин Кайтаруучум. Мен эч нерсеге муктаж болбойм. Ал мени оттуу жайытка жаят жана жай аккан суу боюна алып барат. Өз ысымы үчүн жаныма күч берип, чындык жолуна салат. Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени мененсиң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат. Сен мага душмандарымдын көз алдында дасторкон жайдың, башымды зайтун майы менен майладың. Чөйчөгүм ашып-ташып төгүлүп турат. Береке менен ырайым мени өмүрүмдүн аягына чейин коштоп жүрсүн, ошондо мен Теңирдин үйүндө түбөлүк болом" (Забур 22).

# *Жыйынтык: Бекем тургула*

“Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегиле” (Гал. 5:1).

“Ошондуктан кайратыңардан жазбагыла, анткени ал үчүн чоң сыйлык бар. Кудайдын каалоосун аткарып, Анын убадалаганын алуу үчүн, силерге чыдамкайлык керек” (Эвр. 10:35 -36).

# Автор жөнүндө

Джойс Майер Ыйык Китепти окутуунун дүйнөгө таанымал мугалими. Ал өзүнүн практикалык ыкмасы менен белгилүү жана New York Times бестселлерлердин тизмесиндеги көптөгөн китептердин автору. Анын китептери миллиондогон адамдарга Ыйса Машайак аркылуу үмүт жана айыгууга ээ болгонго жардам берди. Джойс ошондой эле, *«Джойс Майердин кызматынын»* негиздөөчүсү жана Кудайдын Сөзүн күнүмдүк жашоодо колдонууга басым жасоо менен, ар кандай темаларда насаат айтат. Анын чын ыкластуу жана ишенимдүү баарлашуу стили, ага өз жашоосундагы тажрыйба жана практикалык кеңештер менен бөлүшүүгө, башкаларга да бул принциптерди өз жашоосунда колдонууга жардам берүүгө мүмкүндүк берет. Анын *«Акыл - согуш талаасы»* деген китеби, жыл сайын чыгуучу бестселлерлердин тизмесинде болуп, адамдарга алардын акылында жүрүп жаткан согушта жеңүүгө жана «эмне ойлогондуктары жөнүндө ойлонууга» жардам берет.

Джойс Америка Кошмо Штаттарында жана дүйнө

жүзү боюнча конференцияларды өткөрөт ошондой эле, анын *«Кубанычка толгон жашоо»* программасы миллиондогон аудиторияны өзүнө тартып, жүз тилде телекөрсөтүү, радио жана интернетте көрсөтүлөт. Джойс ошондой эле, 155 тилге которулган 130дан ашык китептертин автору.

# Тобо кылуу сыйынуусу

Кудай силерди сүйөт жана Аны менен жакын, бекем мамиледе болушуңарды каалайт. Эгер силер Ыйса Машайакты өзүңөрдүн Теңириңер жана Куткаруучуңар катары кабыл ала элек болсоңор, анда силер аны азыр эле кабыл ала аласыңар. Ага жүрөгүңөрдү ачып, бул сыйынууну айткыла:

*«Ата, мен Сага каршы күнөө кылганымды билем. Суранам, мени кечирчи. Мени тазала, Мен сенин Уулуң Ыйсага ишенем деп убада берем. Мен Анын мен үчүн өлгөнүнө ишенем; Ал айкаш жыгачта өлүү менен менин күнөөмдү Өзүнө алды. Мен Анын өлгөндөн тирилгенине ишенем. Мен азыр Ага өзүмдүн өмүрүмдү берем. Ата, кечиримдүүлүк жана түбөлүк өмүр белеги үчүн ырахмат. Суранам, мага Сен үчүн жашоого жардам берчи. Ыйсанын ысымынан. Оомийин».*

Эгер чын жүрөгүңөр менен сыйынсаңар, Кудай силерди кабыл кылып, тазалап, рухий өлүмдүн

кишенинен бошотот. Ыйык Жазуудагы төмөндөгү аяттарды окуп, изилдеп, Кудайдан Аны менен жаңы жашоо баштаганда, Анын үнүн угууга жардам беришин сурагыла.

| | |
|---|---|
| Жакан 3:16 1 | Корунттуктар 15:3-4 |
| Эфестиктер 1:4 | Эфестиктер 2:8-9 |
| 1 Жакан 1:9 | 1 Жакан 4:14-15 |
| 1 Жакан 5:1 | 1 Жакан 5:12-13 |

Кудайдан Машаякты жакшыраак таанып-билүүгө жана рухий жактан өсүүгө жардам бере турган Ыйык Китептин туура окуусун үйрөткөн жакшы жыйынды табууга жардам беришин сурагыла. Кудай ар дайым силер менен. Ал күн сайын силерге туура жол көрсөтүп, Өзү силерге белгилеп койгон молчулуктагы жашоону кантип жашоо керектигин көрсөтөт.

Эгерде силер Ыйса менен саякатты баштоого даяр болсоңор, Ыйса жана Аны менен болгон жаңы жашооңор жөнүндө көбүрөөк билгиңер келсе, биздин веб-сайтка баш баккыла.

**tv.joycemeyer.org/Kyrgyz**

**Кудай силердин өмүрүңөрдү куткаруу үчүн, күтүп жатат.**



Кудай силерди сүйөт! Ал силер үчүн кам көрөт! Ал силер үчүн ушунчалык көп сонун нерселерди даярдап койгон. Бирок, силердин буга ишенишиңер кыйын болуп жатабы? Балким, Кудайдын силерди чексиз жана эч кандай шартсыз сүйөрүнөн шек санап жаткандырсыңар? Анда, качандыр бир кезде силерди катуу таарынтышып же ал тургай, четке кагып коюшкандыр. Же балким, силер өзүңөрдү Кудайдын сүйүүсүнө татыксызмын деп эсептеп жаткандырсыңар. Бирок, Кудай силерди сүйөт жана Анын сүйүүсүн кабыл алышыңарды каалайт.

Бул китеп силерди Кудайдын сүйүүсүн сезүүгө, келечекке болгон ишенимге ээ болууга, Кудай алдында өз адилдигиңерди моюндоого жана коркунучту жеңүүгө үйрөтөт. Ошондой эле, Кудай жана Анын Сөздөрү силер, силердин жашооңор жөнүндө эмне деп жаткандыгы жөнүндө окуй аласыңар. Ушуга ишенгиле, анан силердин жашооңор таанылгыстай болуп өзгөрөт.

Кудайдын Сөзү – тирүү жана ал силердин жашооңорду байытуу менен, аны толук кандуу, жарык кылуу менен, ага таасир этүүгө даяр турат. Ал эми Кудай болсо, силердин талкаланган жүрөгүңөрдү айыктырууну жана ага үмүттү кайрып берүүнү эңсейт.